**2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Талас областынын Манас районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

**Отчет**

**Аудит объектилери**

Аудит объектилери болуп – Талас областынын Манас райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Манас финансы башкармалыгы, Манас районунун Өнүктүрүү фонду жана Манас районунун өз алдынча башкаруу органдары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик аудит предмети аудиттин тиешелүү критерийлерибоюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

Аудиттин жалпы көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдык, ченемдик жана укуктук актыларын изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик процесстин мыйзам-ченемдерге шайкештигине аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит (республикалык бюджеттеги мекемелер үчүн гана);
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- эмгек акыга каражаттардын пайдаланылышына аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;

- командировка чыгымдарына жана эсеп берме жактар менен эсептешүүгө аудит;
- транспорт каражаттарын күтүүгө, КММ чыгымдарына ченемдердин сакталышына, запастык бөлүктөрдү эсептен чыгаруунун негиздүүлүгүнө ж.б. аудит;
- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана байланыш кызматтарына ченемдердин сакталышына аудит;
- курулуш-куроо иштерине, капиталдык жана учурдагы ондоо иштерине каражаттарды пайдаланууга аудит;
- ижара мамилелерине аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;
- мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө аудит;
- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын, так отчеттуулуктагы бланктардын сакталышына аудит;
- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына аудит;
- аудиттин жыйынтыктарын тариздөө.

**Аудиттин критерийлери**

Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелер жана муниципалдык ишканалар үчүн мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун мыйзамдарга шайкештигин баалаган критерийлер:
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы № 278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускама;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо;

- ички ченемдик документтер ж.б.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Манас райондук мамлекеттик администрациясында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Манас финансы башкармалыгында, Манас районунун Өнүктүрүү фондунда, Манас районунун **5** өз алдынча башкаруу органдарында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит объекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудиттерди жүргүзүү үчүн аудитке берилген маалыматтар үчүн аудит субъекттеринин кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

Талас областынын Манас районунда жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, бардыгы:

Аныкталган финансылык бузуулар – **2 863,1** миң сом, анын ичинде:

- каражаттарды чыгымдоодогу бузуулар жана кемчиликтер – 2 863,1 миң сом, анын ичинде:
  - эмгек акыны негизсиз төлөөлөр- 2 474,8 миң сом;
  - курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 370,1 миң сом.

• эсеп боюнча жашырылган дебитордук жана жогорулатылган кредитордук карыз - 18,2 миң сом

Аныкталган бюджеттин резервдери жана жоготуулары **-6 050,2** миң сом, анын ичинде:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка органдар тарабынан бюджетти түзүүдө анын киреше бөлүгүнүн көрсөткүчтөрүн азайтуу жана чыгаша бөлүгүнүн көрсөткүчтөрүн жогорулатуу менен колдонуудагы мыйзамдарга карама-каршы келген чечимдерди кабыл алгандыгына байланыштуу, салык, бажы жана башка төлөмдөр боюнча жана бюджеттин чыгаша бөлүгү боюнча бюджеттин жоготуулары – 6 050,2 миң сом;

Аныкталган рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **300,5 миң сом**, анын ичинде:

- ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептеги каражаттар-300,5 миң сом.

**Мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2019-2020-жылдарга Манас районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, айрым мекемелердин бюджеттик, атайын жана башка каражаттарынын пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган:

- финансылык бузуулар **– 841,3 миң сомго;**
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары **-415,6 миң сомго;**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Манас райондук мамлекеттик администрациясынын коллегиясында каралган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 106,4 миң сом суммасындагы финансылык бузуулардын 2,0 мин сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген **104,4** миң сом, Кайынды айыл өкмөтү (курулуш-куроо иштеринин көлөмүнүн жогорулатылышы).

**2021-2022-жылдарга Манас районунун социалдык- экономикалык көрсөткүчтөрү**

2021-жылы экономикалык жана социалдык чөйрөгө капиталдык салымдардын көлөмү 161,5 млн.сомду түзгөн. 2022-жылы капиталдык салымдар 278,4 млн.сомду түзгөн, же 2021-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 172,3% түзөт.

Автомобилдик жүк ташуулардын көлөмү 2021 – жылы 9 647,6 миң тоннаны түзгөн, 2022-жылы-9 993,9 миң тонна, же 2021-жылга салыштырмалуу 346,3 миң тоннага көп,.

Аудит мезгилинде айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн көлөмү көбөйгөн, атап айтканда, 2021 – жылы 3 170,0 тонна, 2022-жылы 3 176,0 тонна эт өндүрүлгөн.

2021 – жылы сүт өндүрүү 11 920,0 тоннаны, 2022-жылы 11 943,0 тоннаны же мурдагы жылга карата 100,1% түзгөн.

Жумуртка өндүрүү 2021 – жылы 4 794,7 миң даана, 2022-жылы 4 833,0 миң даана, же мурунку жылга карата 100,8% түзгөн.

2021-жылы район боюнча 23 жеке ишкана пайдаланууга берилген, бюджети 226,3 млн.сом, жыйынтыгында 78 жумуш орундары түзүлгөн.

2021-жылы район боюнча 190 200,0 миң сомго инвестиция тартылган, анын ичинде:

- республикалык бюджеттен - 77 000,8 миң сом;
- ички инвестициялар-67 000,7 миң сом;
- тышкы инвестициялар-44 000,7 миң сом.

2022-жылы район боюнча 62 жеке ишкана 386,7 млн.сом бюджети менен пайдаланууга берилген, натыйжада 72 жумуш орундары түзүлгөн.

2022-жылы район боюнча 335 600,0 миң сомго инвестиция тартылган, анын ичинде:

- республикалык бюджеттен-142 987,1 миң сом;
- ички инвестициялар - 89 391,1 миң сом;
- тышкы инвестициялар-103 000,3 миң сом.

**2021-2022-жылдарга бюджеттин аткарылышы**

2021-жылга кирешелер боюнча мамлекеттик бюджеттин такталган планы 109 248,2 миң сом суммасында бекитилген, кирешелердин иш жүзүндө аткарылышы 109 260,5 миң сом суммасында камсыздалган же план 100,1% аткарылган, алардын ичинен:

- республикалык бюджеттин эсебинен план 43 064,4 миң сом суммасында каралган, иш жүзүндө 39 520,2 миң сом суммасында же пландын 91,8% аткарылган.
- жергиликтүү бюджетке кирешелердин түшүүсүнүн план-болжолу 66 183,8 миң сом суммасында бекитилген, иш жүзүндө аткарылышы 69 740,3 миң сомду түзгөн, же план 105,4% аткарылган.

2022-жылга кирешелер боюнча мамлекеттик бюджеттин такталган планы 116 243,1 миң сом суммасында бекитилген, кирешелердин иш жүзүндө аткарылышы 98 859,7 миң сом суммасында камсыз кылынган, же план 85,0% аткарылган, алардын ичинен:

- республикалык бюджеттин эсебинен түшүүлөрдүн планы 38 182,6 миң сом суммасында бекитилип, иш жүзүндө 24 347,4 миң сом суммасында аткарылган же аткаруу 63,8% камсыздалган.
- жергиликтүү бюджетке кирешелер боюнча план-болжол 78 060,5 миң сом суммасында бекитилген, иш жүзүндө аткаруу 74 512,3 миң сом суммасында, же пландан 95,5% аткарылган.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү мекемелердин, уюмдардын иши төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Кайынды айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү тактоолор менен 22 513,0 миң сом суммасында бекитилген, иш жүзүндө кирешелер 23 567,8 миң сом суммасында түшкөн, план 104,7% аткарылган, же пландалгандан 1 054,8 миң сомго көп түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү тактоолор менен 30 092,3 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгаша 17 382,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 13 441,2 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү тактоолор менен 17 845,7 миң сом суммасында бекитилген, иш жүзүндө 11 915,1 миң сом түшкөн, 66,8% аткарылган же 5 930,6 миң сом аз түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 14 384,4 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 31 849,2 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 19 590,9 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 14 211,0 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун жана 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйругу толук аткарылган эмес. Атап айтканда, 104,4 миң сом калыбына келтирилген эмес (курулуш-куроо иштеринин көлөмүнүн жогорулатылышы)

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. 104,4 миң сомду калыбына келтирүү (курулуш-куроо иштеринин көлөмүнүн жогорулатылышы) боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, аудит мезгилинде бош кызмат ордуна кадрлардын резервинде турбаган

кызматкер кабыл алынган, ага **180,0** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 26,5 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызматтык орундарга кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте "Арал айылындагы тигүү цехин капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Накта" ЖЧКсы тарабынан жумуштардын наркы **44,2** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган "Арал айылындагы тигүү цехин капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Накта" ЖЧКсы тарабынан 44,2 миң сомго жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор К. Абдыманапов жана Д. Кубанычбеков

**Кыргызстан айыл окмоту**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү активдер жана милдеттенмелер менен бирге тактоолор менен 9 802,1 миң сом суммасында бекитилген, иш жүзүндөгү кирешелер 8 992,1 миң сом суммасында камсыздалган, план 91,7% аткарылган, же 810,0 миң сомго аз түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү тактоолор менен 8 798,9 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгаша 7 988,6 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгаша 7 392,9 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү тактоолор менен 12 467,3 миң сом суммасында бекитилген, иш жүзүндө 11 522,8 миң сом түшкөн, план 92,4% аткарылган, же 944,5 миң сомго аз түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү тактоолор менен 11 944,3 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгаша 8 711,0 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 8 703,6 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, аудит мезгилинде бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 3 кызматкер кабыл алынган, аларга **982,6** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 91,4 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызматтык орундарга кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Карабаев Ж.

**Май айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү тактоолор менен 9 082,7 миң сом суммасында бекитилген, иш жүзүндөгү кирешелер 9 315,4 миң сом суммасында камсыздалган, план 102,67% аткарылган, же пландалгандан 232,7 миң сомго көп түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү тактоолор менен 9 414,8 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгаша 9 433,8 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгаша 8 348,5 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү тактоолор менен 11 428,9 миң сом суммасында бекитилген, иш жүзүндө 11 509,2 миң сом түшкөн, план 100,7% аткарылган, же пландалгандан 80,3 миң сомго көп түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 041,5 миң сом суммасында бекитилип, жыл ичинде 11 532,4 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 10 509,0 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 9 230,2 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, аудит мезгилинде бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 4 кызматкер кабыл алынган, аларга **797,9** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 137,6 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызматтык орундарга кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2021-жылга АЧЖМФ жерлери боюнча ижара акысы 1 423,6 миң сомду, жыл башына карата карыз 203,9 миң сомду түзгөн. Ошону менен бирге, кирешенин бул булагы боюнча 2021-жылга такталган болжолдуу план 714,0 миң сом суммасында бекитилген. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү 913,5 миң сомго төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп саналат.

Ошондой эле, 2022-жылга АЧЖМФ жерлери боюнча ижара акысы 1 423,6 миң сомду, жыл башына карата карыз 806,3 миң сомду түзгөн. Ошону менен бирге, кирешенин бул булагы боюнча 2022-жылга такталган болжолдуу план 714,0 миң сом өлчөмүндө бекитилген. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү 1 515,9 миң сомго төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп саналат.

Бардыгы бюджеттин киреше бөлүгүн негизсиз төмөндөтүүнүн жалпы суммасы эсептик түрдө **2 429,4** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, болгон киреше булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте подрядчылар тарабынан жумуштардын наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган:

- "КуБеТа Курулуш" ЖЧКсы "Май айылындагы колбаса цехин капиталдык оңдоо" объектиси боюнча 120,0 миң сомго;
- "КуБеТа Курулуш" ЖЧКсы “Ш. Кочкорбаев атындагы орто мектепте көмүрдү сактоо үчүн кампа (бастырма) куруу "объектиси боюнча. " 12,7 миң сомго;
- "Адил Строй Сервис" ЖЧКсы "Май айылындагы Б.Узенов атындагы орто мектепте азык-түлүк кампасынын курулмасы" объекти боюнча 20,6 миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган подрядчылар тарабынан жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- ""КуБеТа Курулуш" ЖЧКсы "Май айылындагы колбаса цехин капиталдык оңдоо" объектиси боюнча 120,0 миң сом;
- "КуБеТа Курулуш" ЖЧКсы “Ш. Кочкорбаев атындагы орто мектепте көмүрдү сактоо үчүн кампа (бастырма) куруу"объектиси боюнча 12,7 миң сом;
- "Адил Строй Сервис" ЖЧКсы "Май айылындагы Б.Узенов атындагы орто мектепте азык-түлүк кампасынын курулмасы" объектиси боюнча 20,6 миң сом.

4. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча

эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, 2021-жылдын аягына **135,3** миң сом суммасына отундун нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Т. Исанов жана Д. Кубанычбеков

**Покровка айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин кирешe бөлүгү тактоолор менен 25 445,1 миң сом өлчөмүндө бекитилген, иш жүзүндөгү түшүүлөр 28 875,0 миң сом суммасында камсыз кылынган, план 113,5% аткарылган, же пландан ашыкча түшүүлөр 3 429,9 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү тактоолор менен 32 546,47 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгашалар 25 717,0 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгашалар 19 444,5 миң сомго жүргүзүлгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү тактоолор менен 32 260,8 миң сом суммасында бекитилген, иш жүзүндө түшүүлөр 34 579,3 миң сомду түзгөн, план 107,2% аткарылган, же пландан ашыкча түшүүлөр 2 318,5 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү тактоолор менен 44 480,1 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгашалар 27 260,5 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгашалар 22 238,5 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, аудит мезгилинде бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 2 кызматкер кабыл алынган, аларга **210,9** миң сом суммасында эмгек акы негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызматтык орундарга кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2021-жылга АЧЖМФ жерлери боюнча ижара акысы 1 779,3 миң сомду түзгөн, мында кирешенин бул булагы боюнча 2021-жылга такталган болжолдуу план 772,3 миң сом суммасында бекитилген. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү 1 007,3 миң сомго төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп саналат.

2022-жылга АЧЖМФ жерлери боюнча ижара акысы 1 635,2 миң сомду түзгөн, мында кирешенин бул булагы боюнча 2022-жылга такталган болжолдуу план 772,0 миң сом суммасында бекитилген. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү 863,2 миң сом суммасына төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп саналат.

Бардыгы АЧЖМФ жерлерин ижарага берүү боюнча бюджеттин киреше бөлүгүн негизсиз төмөндөтүүнүн жалпы суммасы эсептик түрдө **1 870,5** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, болгон киреше булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте "Покровка айылындагы орто мектептин чатырын алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы "Спец-Сервис Плюс" ЖЧКсы тарабынан жумуштардын наркынын 138,5 миң сомго жогорулагандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган “Покровка айылындагы орто мектептин чатырын алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы “Спец-Сервис Плюс" ЖЧКсынан 138,5 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит АЧЖМФ жерлеринин ижарачыларынын карыздарынын жыл сайын өсүү тенденциясын белгилейт, ал 2022-жылдын аягына карата 965,4 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Келишимдин шарттарына ылайык, АЖМФ жерлеринин ижарачыларынын карыздарын, анын ичинде айыптык санкцияларды өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекетик инспекторлор А. Омурсаков жана Д. Кубанычбеков

**Үч-Коргон айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү тактоолор менен 15 880,3 миң сом өлчөмүндө бекитилген, иш жүзүндөгү түшүүлөр 15 529,4 миң сом суммасында камсыз кылынган, план 97,8% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү тактоо менен 15 083,5 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгашалар 14 623,1 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгашалар 12 560,8 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү тактоо менен 19 501,7 миң сом суммасында бекитилген, иш жүзүндө түшүүлөр 19 220,3 миң сомду түзүп, план 98,6% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү тактоо менен 19 097,1 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгаша 16 123,2 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 13 658,8 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2021-жылга АЧЖМФ жерлери боюнча ижара акысы 2 099,0 миң сомду, жыл башында карыз 944,8 миң сомду түзгөн. Ошону менен бирге, кирешенин бул булагы боюнча 2021-жылга такталган болжолдуу план 2 099,0 миң сом суммасында бекитилген. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү 944,0 миң сомго төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп саналат.

2022-жылга АЧЖМФ жерлери боюнча ижара акысы 4 099,0 миң сомду, жыл башына карата карыз 806,3 миң сомду түзгөн. Ошону менен бирге, кирешенин бул булагы боюнча 2022-жылга такталган болжолдуу план 4 099,0 миң сом өлчөмүндө бекитилген. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү 806,3 миң сомго төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп саналат.

Бардыгы АЧЖМФ жерлерин ижарага берүү боюнча бюджеттин киреше бөлүгүн негизсиз төмөндөтүүнүн жалпы суммасы эсептик түрдө **1 750,3** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, болгон киреше булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, аудит мезгилинде бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 2 кызматкер кабыл алынган, аларга **303,4** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 44,6 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызматтык орундарга кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте "Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн Ак-Таш айылындагы бала бакчанын ремонту" объектиси боюнча подрядчы ЖИ К.М. Озубеков тарабынан аткарылган иштердин көлөмү 34,1 миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган "Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн Ак-Таш айылындагы бала бакчаны оңдоо" объектиси боюнча ЖИ К.М. Озубековдон 34,1 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**4.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, 2022-жылдын аягына карата "Аяз Трейд" ЖЧКнын **18,2** миң сом суммасындагы дебитордук карызы жашырылган. Аудит учурунда бухгалтердик маалымдаманын негизинде мемориалдык ордер түзүлүп, бухгалтердик эсепке дебитордук карыз катары киргизилген.

**Сунуштама:**

Аяз Трейд" ЖЧКнын 18,2 миң сом суммасындагы жашырылган дебитордук карызы аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилгендиги эске алынсын. Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын кыймылын өз убагында эсепке алуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары так аткарылсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, 2021-жылдын аягына **165,2** миң сом суммасына көмүрдүн нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Р. Жолдошев жана Д. Кубанычбеков

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттерде, төмөндө көрсөтүлгөн объекттердин бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышы бардык олуттуу аспектилеринде аудиттин тиешелүү критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды:

**Манас райондук мамлекеттик администрациясы**

2021-жылга чыгымдар сметасы тактоолор менен 7 531,5 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгымдар 7 231,9 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чгымдар – 6 542,9 миң сом.

2022-жылга чыгымдар сметасы тактоолор менен 25 163,6 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгымдар 24 221,6 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чгымдар – 25 641,5 миң сом.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Омурсаков

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Манас финансы башкармалыгы**

2021 – жылга чыгымдардын сметасы тактоолор менен 3 372,8 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгашалар 3 278,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 3 278,3 миң сомду түзгөн.

2022-жылга чыгымдардын сметасы тактоолор менен 4 625,7 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгымдар 4 164,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 4 104,8 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Омурсаков

**Манас районунун Өнүктүрүү фонду**

2022-жылга чыгымдар 30 000,0 миң сом өлчөмүндө каралган, кассалык жана иш жүзүндөгү чыгымдар 14 026,8 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор К. Абдыманапов

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн жетекчиси** **А.Б. Туркбаев**

Аткарган: мамлекеттик инспектор Омурсаков А., тел./факс (0312)623518